## • Жаңы жылга жаңы китеп

# «Манас» эпосунун ономастикасы

**Бүгүнкү күнгө чейин «Манас» эпосунун ономастикасына арналган илимий деңгээлдеги көлөмдүү макала да чыгарылбаптыр. Жусуп Баласагын атындагы КУУнун ардактуу профессору Жумакадыр Дүйшеев 2016-жылы КУУнун долбоорлук конкурсун жеңип, анын гранттык колдоосу менен аталган китеп жарык көрдү.**

Автор аталган темадагы эмгегин 1964-жылы КУУда окуп жүргөндө академик Болот Юнусалиевден, курстук, дипломдук иш катары 150 бет илимий эмгегине академик Константин Кузмич оппонент болуп, «эң жакшы» деген баага жакталган. Бирок автор кезинде илимий-методикалык окуу куралы, окуу китептерин (учурда Ж.Дүйшеев 22 китептин автору) чыгарып, бул темага кайрылбай келген.

Мында манасчы С.Орозбаков, С.Карапаев жана Ш.Рысмендеевдин варианттары боюнча 245 беттен турган эмгектеги антропонимдер, этнонимдер, топонимдер өз ара салыштырылып, изилденилген.

Илимий эмгекте кыргыз таануу-да, кыргыздардын тарбия-таалими, акыл нускасы, кыргыз этноними, анын башаты, куралышы, мекенчил кыргыз улутунун ар намысын таануу, кыргыздардын сүйлөшүү адеби, менталитети, байыркы жашаган жери, жашоо турмушу, жеген-ичкен тамагы, кыргыздын адатка айланган расмий салты, элибиздин оюну - тарбиялоонун башаты, кыргыздын диний ишенимдери, коомдук түшүнүгү, жоокерчилик замандагы согуш жеңү, ага даярдык, «Жети атасын билбеген жетесиз» деген пикирлер айтылган.

Манасчылардын чыгармачылык жөндөмүнө, аткаруучулук чеберчилигине карай бөлүштүрүп, 28 манасчылардын өмүр баяны берилген.

«Манасчылык өнөр», анын мектеби, «Манас» эпосун алгачкы айтуучулар: Ырамандын ырчы уулу Каратай, Жайсаң ырчы, Токтогул ырчы; «Манас» эпосун өнүктүрүп, эпопеяга айланткандар: Келдибек Карбоз уулу, Балык (Бекмурат) Кумар уулу, Музооке, Айтыке, Чоңду, Акылбек, Тыныбек Жапы уулу ж.б. жөнүндө да баяндалат.

Китепте кыргыз таануу, манасчылар, алгачкы манасчылар тууралуу маалымат берилип, калган бөлүгү «Манас» эпосундагы ономастика маселесине арналат. Бул эмгекте «Манас» эпосунда ат коюу салты, прозвища-тарыхый, жарым тарыхый ысымдар, эпостогу адам аттарынын этимологиясы, эпостогу каармандардын, чоролордун, аялдардын аттарынын этимологиясы кенен талкууга алынган. Китепте «Манас» эпосундагы эл тарабынан берилген ылакап адам аттары, «Манас» эпосундагы түрк жана түрк эмес элдердин тилдик системадагы антропонимдер, «Манас» эпосундагы тектеш жана тектеш эмес (араб, иран, монгол, кытай) тилдерден куралган антропонимдер тууралуу сөз болот.

**М.КАЙЫПОВ,**
**"Кутбилим"**

## СОЦИАЛДЫК МААНИДЕГИ ДАТАЛАРДЫН КАЛЕНДАРЫ ЧЫКТЫ

**"Ымандаш" коомдук фондусунун жетекчиси Нурлан Исманова өзүнүн мамлекеттик кызматтагы жетекчилик чоң тажрыйбасына таянып, Кыргызстандагы социалдык маанидеги даталуу күндөр боюнча маалымат календарын даярдап чыгарды.**



Аталган календарда жыл ичинде белгилене турган социалдык маанидеги отуз дата көрсөтүлүп, алардын мааниси жана таржымалы жөнүндө маалымат берилген. Алардын ичинде көп даталарга чынында эле катардагы жарандар да, мамлекеттик кызматтагы адамдар да билишпейт, билсе да анча маани беришпейт. Мисалы, 14-январь - КР мамлекеттик герб күнү, 15-февраль – интернационалист жоокерлерди эскерүү күнү, 20-февраль – бүткүл дүйнөлүк акыйкаттуулук күнү. Мына ушул сыяктуу даталарды мамлекеттик кызматтагы адамдар эле эмес, ар бир жаран билип алганы ашыкча болбойт.

Нурлан Исманова өзү көп жылдар бою Кара-Кулжа районунда акимдин орун басары болуп иштеп, социалдык маселелер боюнча иш алып барууда чоң тажрыйба топтоду. Элет жериндеги калктын өзүнүн колундагы мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу пайдаланууга көндүрүп, социалдык мобилизациянын натыйжалуу чараларын иштеп чыкты. Ошол эле учурда мамлекеттик маанилүү окуялардын учурунда жана кызыл даталуу күндөрдө массалык иш-чараларды уюштуруунун алгылыктуу формаларын таап, жергиликтүү элдин активдүүлүгүн жогорулатып, коомдук тилектештик потенциалын дагы чыңдай алды. Жаңы чыккан социалдык даталарын календарды ошол иштиктүү тажрыйбанын жемиши катарында карасак болот.

"Бул календарь мамлекеттик массалык иш-чараларды жакшыртуу үчүн жыл башында жергиликтүү бюджеттен акча-каражат бөлүштүрүү менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, социалдык коргоо, саламаттыкты сактоо, маданият жана билим берүү тармактарынын кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын социалдык саясатын калктын арасында кеңири жайылтуу максатында коомчулуктун, жаштардын, аялдардын, мектеп окуучуларынын арасында түрдүү иш-чараларды өткөрүп, кеңири пайдаланууга атайын ыкма катары жетекчиликке алуу сунушталат", - деди Нурлан Исманова.

Коомдук активисттин жаңы жыл алдында элине тартуулаган календары мамлекеттик мекеме-ишканаларда, мектептерде жана жогорку окуу жайларында кеңири колдонууга ээ болот деген илгери үмүттөбүз. Айрыкча, адеп-ахлак жана тарбия жылы болуп жарыяланып жаткан 2017-жылга куп жарашкан эмгек болуп калганын баса белгилейбиз.

**Кубаг ЧЕКИРОВ, "КБ"**

## • Жаңы китеп

## САЯСАТТЫН КҮРӨӨ ТАМЫРЫН ТАЛДАГАН КИТЕП

**Кечээ белгилүү публицист «Кабар» агенттигинин директору Кубан Абдымендин «Тынымсыз аккан саясат (Беспрерывно текущая политика)» аттуу китебинин бет ачары болуп өттү.**

Китепте 2014-2016-жылдары болуп өткөн эл аралык окуяларга сары эсеп салынып, региондордун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, жалпы өнүгүүгө таасир кылуусу талдоого алынып, анын негизинде баамдоолор жана боолголор келтирилген.

Китеп 9 бөлүмдөн жана жанр саясий лексикондорго түшүндүрмө берүү бөлүмүнөн турат. Анда Орто Азиядагы өлкөлөрдүн абалы, өнүгүүсү, чечиле турган маселелери талдоого алынган. Дагы бир бөлүмдө Европа менен АКШ өлкөлөрүндөгү окуялар каралган, Кытай менен Россияга тиешелүү маалымат өзүнчө бөлүмдөрдө келтирилген. Кыргызстанга байланыштуу окуялар өз алдынча 6 бөлүмдө талдоого алынган.

Китептин өзгөчө көңүл бура турган 1-бөлүмү. Анда ааламдашуу учурундагы көп полярдуу дүйнөнүн түзүлүү учуру жана




2001-жылкы Нью-Йорк шаарындагы болгон террактынын себептери, ал окуянын азыркы мезгилдеги АКШдагы саясий турмушка кылган таасири, араб дүйнөсү менен байланыштыгы каралган.

Кийинки дагы бир маанилүү бөлүм - 1999-2000-жылкы Баткен окуялары жана анда "Кабар" маалымат агенттигинин ээлеген орду менен ойногон ролу келтирилген.

2016-жылы каргашалуу "Үркүнгө" 100 жыл болду. Буга байланыштуу ушуга чейин көп маалымдалбай, белгисиз бойдон калып келген жагдайлар тууралуу изилдөөчүлөр менен белгилүү тарыхчылардын тапкан маалыматы китепте 8-бөлүмдө келтирилген.

9-бөлүмдө учурда транзиттик мезгилди башынан өткөрүп жаткан мамлекеттердеги башкаруу чөйрөлөрүнө пайдалуу маалымат камтылган. Анда Никола Макиавеллинин "Өкүмдар" китебинен учурдагы кырдаалга тел келген үч главасы (бөлүмү) которулуп берилген.

Китеп негизинен эл аралык алакаларга кызыккан саясатчыларга жана саясат таануучуларга, эл аралык журналистикага кызыккан жаш адистерге, жогорку окуу жайлардын студенттери менен аспиранттарына, саясат таануу боюнча адистерге, жалпы эле коомчулукка пайдалуу.

**(Өз кабарчы)**

## Жаңы жылдык куттуктоо

**Балдардын жана өсүрүмдөрдүн "Сейтек" улуттук борборунун директору Сабира ЧЕЛПАКОВА эжеге арналат**

Ак-караны ажыратып салмактаган,
Көп изденип, тактыкты талап кылган,
Түйшөлүп, калыстык менен иш кылган,
Ак эмгектен чарчабаган, талбаган,
Сабира эже ар дайым алга чамдаган!

Көптөн бери мен билем бул айымды,
Билим берүү тармагына кошту чоң салым.
Токтоо мүнөз Курманжан эжекемдей,
Эмгегинен баар тапкан дити менен,
Ишин сүйгөн, уюштургуч акылман.

Тагдыр жолун билим, тарбияга арнаган,
Сөз тандап, бала көөнүн унутпаган.
"Сейтекти" өнөр-билим бешигине айланткан,
Талпынган куштай таланттардын,
Далайын жылдыздарга айланткан.

Шыңга бойлуу, жарык маңдай эжеке,
Ак дилден арнайм сизге ыр десте.
Анда эмесе, эжеке ден соолукта болуңуз.
Алгалаңыз, чарчабаңыз, талбаңыз,
Бажырайып кызыл гүлдөй жайнаңыз!

**АСЫЛБЕКОВА Гүлмира,**
**Бишкек шаары**

## Жаңы жыл ыры

Жаңы жыл келди жаркырап,
Ала-Тоо гүлүн чачкандай,
Бөбөктөр шайыр ырдашты,
Жаңы жылды куттуктай.
Көк бүчүрлүү карагай,
Елка көркөм бир сонун,
Көз уялткан ар түрдүү,
Оюнчуктар гүл сонун.
Елка түркүн кулпунат.
Алтын шуру таккандай,
Суктандырат ар кимди,
Кымкап жабуу жапкандай.
Алма, конфет бутакта,
Күздүн көркүн бергендей,

Пейли кенен Жаңы жыл,
Жыргалдуу бизге келгендей.
Таза мектеп кооздолгон,
Күтүп мейман жаткандай,
Бөбөктөр мында келишти,
Коңгуроону каккандай.
Кубанычтуу бөбөктөр,
Жаңы жылды тозушту,
Тынчтык жылы болсун деп,
Бир тилекте болушту.

**Акиш УСЕНОВ,**
**Тосор айылы, Ардагер мугалим, Билим берүүнүн мыктысы.**

## "Манаста" жаңы ачылыштыр

**Жыл жаңырар алдында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде бир катар электрондук китептердин, сөздүктөрдүн жана Археологиялык музейдин бет ачар аземи болду.**

Иш-чара 28-декабрда өтүп, анда окурмандарга 600 томдук «Түркстан жыйнагынын («Туркестанский сборник»)» электрондук көчүрмөсүнүн, Кыргыз эл жазуучусу Сагындык Өмүрбаевдин «Улуу Үркүн» китебинин түрк тилиндеги котормосунун, Жусуп Баласагындын 1000 жылдык маарекесине арналган белгилүү түркологдордун макалалар жыйнагынын, «Түрк элдеринин мамлекеттүүлүк салты» темасындагы Эл аралык конгресстин материалдарынын, Археологиялык музейдин, университеттин окутуучулары тарабынан даярдалган «Кыргызча-түркчө сөздүгүнүн» (75000 сөз) жана ишке ашырылып жаткан бардык адистик программалар боюнча төрт тилдеги (кыргызча-түркчө-орусча-англисче) терминологиялык сөздүктөрдүн электрондук версиялары сунушталды.

"Түркстан жыйнагы" – өз ичине чакан макаладан тарта көлөмдүү эмгектерди камтыган "миникитепкана". Анда Орто Азиянын байыркы, орто жана жаңы доордогу социалдык-экономикалык, саясий, маданий, ж.б. тармактары боюнча жарык көргөн материалдар топтолгон. Түркиялык боордошторубуздун, кыргыздардын эгемендүүлүк үчүн көтөрүлүшүндөгү жана Улуу Үркүндөгү башынан өткөргөн трагедиялуу окуялар тууралуу даректүү маалыматтары аз болгондуктан, жазуучу Сагындык Өмүрбаевдин тирүү кезинде басмадан чыгара албай калган «Улуу үркүн» романы Үркүндүн 100 жылдыгына карата түрк тилине которулуп басылып чыкты. Жусуп Баласагындын 1000 жылдык маарекесине арналган белгилүү түркологдордун макалалар жыйнагы - эки боордош өлкөнүн биргеликте түзгөн университетте эмгектенген окумуштуу-түркологдордун Жусуп Баласагын жана анын чыгармасы тууралуу ой-пикирлерди, илимий изилдөөлөрдү китеп алкагында бир жерге чогултууну көздөгөн долбоор болуп саналат. Университеттин археологиялык, этнографиялык илимий-изилдөө, билим берүү музей-лабораториясы илимий изилдөө, билим берүү, Ага мекендин байыркы тарыхын, маданиятын, мурасын таанытуу жана сактоо, археологиялык табылгаларды консервациялоо, реставрациялоо багытындагы мамлекеттик жогорку окуу жайынын бөлүмү болуп саналат. Ал эми сөздүктөрдүн электрондук варианттарын дүйнөнүн булуң-бурчундагы кыргыз тилине кызыккан бардык адамдар акысыз пайдалана алышат.

**Ч.КИЙИЗБАЕВА, "Кутбилим"**